ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№06/24 протоколу

2025-ж. 27-февраль Жалал-Абад ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 7
Катышкандар: 6
Катышпагандар: 1

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталаардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Тиешелүү материалдар
1	Кышкы экзамендик сессиянын жыйынтыктары жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору
2	Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору
3	**Ар түрдүү маселелер**		
3.1	Айрым жоболорго өзгөртүү киргизүү жана жаңы жоболорду бекитүү	Окуу иштери боюнча проректор, Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор	Жоболордун нускасы
3.2	ЖАЭУнун штаттык жадыбалына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана кайрадан бекитүү	Медициналык факультеттин деканы	Штаттык жадыбал, маалымат
3.3	Аккредитациялык агенттиктен берилген кемчилдиктерди жоюу боюнча аткарылган иштер жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору
3.4	Кышкы кабыл алуунун академиялык календарын (окуу процессинин графигин) бекитүү	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы, урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! Кышкы экзамендик сессиянын жыйынтыктары жөнүндө презентация даярдадым, көңүл бурсаңыздар.

Окуу процессинин графиги боюнча 1-курстарда кышкы экзамендик сессия башталбагандыгына байланыштуу, бул курс боюнча маалымат киргизилген жок калган курстардын сессиясынын жыйынтыгынын анализи жасалды.

Университет боюнча жалпы студенттердин саны 59 (2-, 3-, 4- жана 5-курстун студенттери) сессияга катышканы 41 студент болду. Ал студенттердин сессияны тапшыргандан кийинки орточо баллы 4,2 түздү.

Жалаң 5 деген баага тапшырган студенттердин саны 7 (17%), жалаң 4 деген баага тапшырган студенттердин саны 28 (68%), 3 деген баага тапшырган студенттердин саны 6 (15%) түздү. 18 студент үч же андан көп карызы бар студенттин катарына кошулушту.

Абсолюттук жана сапаттык көрсөткүчтөр төмөнкүнү түздү:

ЛДи-1-23 тайпасында 63% абсолюттук, 63% сапаттык;

ЛДи-1-22 тайпасында 94,4% абсолюттук, 94,4% сапаттык;

ЛДи-1-21 тайпасында 45,1% абсолюттук, 23% сапаттык;

ЛДи-8-20 тайпасында 35,5% абсолюттук, 35,5% сапаттык.

Кышкы сессиянын жыйынтыгы менен студенттерден анкета алуунун графиги түзүлүп, жыйынтыгы анализделгенден кийин, сапатты жогорулатуу боюнча иш чаранын планын иштеп чыгабыз.”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. Кышкы сессиянын жыйынтыгы боюнча берилген маалымат эске алынсын. Абсолюттук жана сапаттык жетишүүнүн көрсөткүчтөрүнүн негизинде аны жогорулатуунун үстүнөн иш план түзүлсүн жана ал планга жараша иш алып барылсын.
2. Көзөмөлдөө жагы окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садыровага жүктөлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А. Садырова сүйлөдү: –

“Урматтуу кесиптештер экинчи маселе боюнча профессордук окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча иштер жүрүп жатат. Учурда Эднет агенттиги жана Ош мамлекеттик университетинин окутуучулардын квалификациясын жогорулатууга жооптуу болгон кызматкерлери менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Группа топтолсо эле курстар башталат. Булардан башка да курстар изделүүдө. Эң биринчи кезекте педагогикалык стажы жок болгон окутуучулар педагогика жана психология боюнча курстардан өтүшөт, андан кийин професионалдык компетенциясын жогорулатуу боюнча курстарга катышышат.”

Токтом долбоору

Педагогикалык окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу максатында педагогикалык курстан өткөрүү колго алынсын. Көзөмөлдөө жагы окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садыровага жүктөлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3. Ар түрдүү маселелер:

3.1. -маселе боюнча эки жобого өзгөртүү киргизилди жана эки жаңы жобо каралды.

а) Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигин 2024-жылдын 26-декабрындагы №6/1 чечимин ишке ашыруу максатында Практика өтүүнүн жобосунун 3-пуктуна 3.3 подпункт кошулган жана 3.9 подпунктуна сүйлөм кошулган. Алар:

3.3 пункт өзгөргөнгө чейин:

“Специалист по развитию карьеры и практики совместно с кафедрами устанавливает связь с базами практики”

3.3 пункт өзгөргөндөн кийин:

“Специалист по развитию карьеры и практики совместно с кафедрами устанавливает связь с базами практики;

- на основании договоров, заключенных между иностранными частными клиниками и медицинскими лечебными учреждениями с Университетом студенты направляются на практику по месту жительства;
- прохождение производственной практики (или практических занятий) иностранных студентов в местных медицинских учреждениях проводится с письменного согласия пациента на его осмотр (см. Приложение 2)”

3.9. пункт өзгөргөнгө чейин:

Руководитель практики от ЖАМУ:

- обеспечивает четкую организацию, планирование и учет результатов практики;
- готовит договора для их заключения с базами практик;
- учебно-методическую документацию;
- организует инструктивные и итоговые совещания работников ЖАМУ и организаций, участвующих в практике;
- несет ответственность совместно с руководителями организаций и учреждений за соблюдением правил охраны труда;
- посещает еженедельно базы практики и анализирует деятельность студентов в соответствии с программой практики, принимает меры по устранению недостатков в организации практики;
- осуществляет контроль соблюдения сроков практики;
- участвует в работе комиссии при подведении итогов практики;
- составляет общий отчет по практике;
- обобщает опыт практики, вносит предложения по ее совершенствованию;
- участвует в работе кафедр по обсуждению вопросов практики;
- контролирует прохождение медосмотра перед практикой (при необходимости).

3.9. пункт өзгөргөндөн кийин:

Руководитель практики от ЖАМУ:

- обеспечивает четкую организацию, планирование и учет результатов практики;
- готовит договора для их заключения с базами практик;
- учебно-методическую документацию;
- организует инструктивные и итоговые совещания работников ЖАМУ и организаций, участвующих в практике;
- несет ответственность совместно с руководителями организаций и учреждений за соблюдением правил охраны труда;
- посещает еженедельно базы практики и анализирует деятельность студентов в соответствии с программой практики, принимает меры по устранению недостатков в организации практики;
- ведет on-line контроль прохождения практики заграницей в виде фото-видео отчетов;
- осуществляет контроль соблюдения сроков практики;
- участвует в работе комиссии при подведении итогов практики;
- составляет общий отчет по практике;
- обобщает опыт практики, вносит предложения по ее совершенствованию;
- участвует в работе кафедр по обсуждению вопросов практики;
- контролирует прохождение медосмотра перед практикой (при необходимости).

б) Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2024-жылдын 27-сентябрындагы №590 токтомунун 8 пунктунун 2 тиркемесине ылайык ЖАЭУда студенттерди которуу, окуудан четтетүү жана тикеленүү тартиби жөнүндөгү жобого төмөнкү өзгөрүүлөр киргизилди:

2.5 пункт өзгөргөнгө чейин:

“Перевод студентов на первом и последнем курсе обучения не осуществляется.”

2.5. пункт өзгөргөндөн кийин:

“Перевод студентов на последнем курсе обучения не осуществляется”.

2.11. пункт өзгөргөнгө чейин:

“Студенты, успешно завершившие первый год обучения, имеют право на перевод в другую образовательную программу внутри ЖАМУ, на аналогичную или другую образовательную программу из другого вуза в ЖАМУ, при условии соответствия требованиям приема на эту образовательную программу, наличия вакантных мест и согласия руководителей обоих программ (вузов). При переводе из другого вуза в ЖАМУ перезачету подлежат только те дисциплины соответствующие профессиональному циклу основной образовательной программы на которую осуществляется перевод и по которой заявитель имеет удовлетворительную оценку и выше”

2.11 пункт өзгөргөндөн кийин:

“Согласно Приложению 2, пункта 8 Постановления Правительства КР от 27.09.2024 №590 Об утверждении нормативно правовых актов, регулирующих деятельность образовательных организаций ВПО перевод на первом учебном году допускается после успешного окончания первого семестра. При этом минимальное количество кредитов должно быть не менее 30. И имеют право на перевод в другую образовательную программу внутри ЖАМУ, на аналогичную или другую образовательную программу из другого вуза в ЖАМУ, при условии соответствия требованиям приема на эту образовательную программу, наличия вакантных мест и согласия руководителей обеих программ (вузов). При переводе из другого вуза в ЖАМУ перезачету подлежат только те дисциплины соответствующие профессиональному циклу основной образовательной программы на которую осуществляется перевод и по которым заявитель имеет удовлетворительную оценку и выше.”

в) ЖАЭУнун ички документ жүргүзүү боюнча жобо иштелип чыкты, жобонун мазмуну менен укуктук маселелери жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы Сыдыкова Б.Ж. тааныштырды.

г) Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору З.А.Асилова “ЖАЭУнун Ардактуу профессору” наамын ыйгаруу боюнча жобо менен тааныштырды.

Сунуштар:

Медициналык факультеттин деканы Астанов Ш.М.: – “Аталган жоболорго киргизилип жаткан өзгөртүүлөр негиздүү жана жаңы жоболор иш процессинде керек болгондуктан бекитүүгө сунуштайм”.

Токтом долбоору

а) “ЖАЭУда практикаларды уюштуруу” жана “ЖАЭУда студенттерди которуу, окуудан четтетүү жана тикеленүү тартиби” жөнүндөгү жоболорго өзгөртүүлөр киргизилсин жана бекитилсин.

б) “ЖАЭУнун ички документ жүргүзүү боюнча жобо” жана “ЖАЭУнун Ардактуу профессору” наамын ыйгаруу боюнча жобосу бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3.2. Медициналык факультеттин деканы Астанов Ш.М.: – “Баарыңыздарга маалым болгондой, учурда деканатта штатта мен жалгыз иштейм, студенттердин саны аз болсо да ар бир процесс боюнча графиктерди, академиялык айырмаларды көп чыгарыш керек болуп жатат, ошондуктан деканатка усулчу штатын ачып берүүңүздөрдү суранам.”

Токтом долбоору

А) Медициналык факультетке 1 чен усулчу штаттык кызмат орду ачылсын;

Б) ЖАМУнун штаттык жадыбалына өзгөртүүлөр киргизилсин жана бекитилсин;

В) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3.3-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: – “Урматтуу кесиптештер, баарыбызга маалым болгондой аккредитациялык агенттиктин берилген кемчилдиктерди жоюу боюнча мөөнөтү 1.03.2025 болгон кемчилдиктер төмөнкү багыттар боюнча аткарылды”.

Алгач 1.12.2024-ж аккредитациялык агенттикти берген кемчилдиктерин жоюу боюнча планы түзүлүп, ректор тарабынан бекитилип, ар бир жооптуу тармак боюнча маселелер коюлуп, тапшырмалар берилген.

№	Критерий из стандарта	Формулировка замечания	План по устранению	Ответственный
1	Критерий 2.8. Использование результатов научных исследований в учебном процессе	Использование результатов научных исследований в учебном процессе практически не начато.	Разработать и ввести в действие план по использованию результатов научных исследований в учебный процесс	Асилова З.А.
2	Критерий 3.1. Использование регулярной обратной связи со студентами и выпускниками для выявления потребностей и удовлетворения их через дополнительные курсы, факультативы, кружки, для формирования индивидуальных траекторий обучения, а также оценки и корректировки педагогических методов, образовательных форм и технологий.	Использование регулярной обратной связи для оценки и корректировки педагогических методов, форм и технологий находится на начальной стадии развития.	Необходимо разработать и ввести в действие план использования регулярной обратной связи для оценки и корректировки педагогических методов, форм и технологий с ежегодным анализом результатов и последующими корректирующими действиями	Садырова Н.А.
3	Критерий 3.4. Использование различных форм и методов обучения (очная, очно-заочная, заочная формы, дистанционные, цифровые и другие методы) для повышения доступности образования	Языковый барьер студентов усложняет процесс формирования практических навыков.	Разработать и ввести в действие план устранения языкового барьера студентов для улучшения формирования практических навыков.	Асилова З.А.
4	Критерий 5.3. Регулярное	Недостаточное количество семинаров по	Разработать и ввести в действие план проведения	Садырова Н.А.

	повышение квалификаций преподавателей	инновационным методам обучения	периодических семинаров по инновационным методам обучения с дальнейшим ежегодным анализом результатов.	
5	Критерий 6.1. Материально-технические ресурсы	Клиника не в полной мере оснащена необходимым медицинским оборудованием для обучения студентов и приобретения ими необходимых практических навыков Недостаточность наглядных пособий в кабинетах и лабораториях. Отсутствуют вытяжные шкафы, раковины, условия для хранения реактивов Недостаточность реактивов для работы. Микроскопы недостаточно обеспечены точками доступа к электропитанию.	Завершить оформление кабинетов и лабораторий наглядными пособиями и методическими рекомендациями. Обеспечить лаборатории необходимыми реактивами с дальнейшим их пополнением. Обеспечить микроскопы точками доступа к электропитанию	Торокулов Э. Астанов Ш. ППС
6	Критерий 7.1. Научно-методическая и исследовательская работа	Научно-исследовательская работа и научно – методическая работа находится на начальном этапе становления Малое количество научных статей в журналах с высоким импакт-фактором (Web of Science, Scopus	Доработать и ввести в план научно-исследовательской и научно-методической работы с ежегодным анализом результатов и дальнейшими корректирующими действиями	Асилова З.А.
7	Критерий 8.1. Финансовые ресурсы образовательной организации	Отсутствует коллективный договор между сотрудниками и руководством ЖАМУ. Отсутствует Положение и график документооборота	Разработать и ввести в действие коллективный договор между сотрудниками и руководством ЖАМУ.	Нарбаев М.Р.

Киргизилген оңдоолор боюнча материалдар топтолгон, ар бир критерий боюнча тиешелүү иш чара аткарылды.

Сунуш, суроолор болгон жок.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору добуш берүүгө сунушталды:

1. Аккредитациялык агенттиктин сунуштарына ылайык планда көрсөтүлгөн пункттар аткарылды деп табылсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3.4 маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: – “Урматтуу кесиптештер, баарыбызга маалым болгондой кышкы кабыл алуу активдүү түрдө уланып жатат, ошондуктан окуу процессини уюштуруу максатында алгач академиялык календарды (окуу процессинин графигин) түздүк, бекитип берүүнү сунуштайбыз”.

Академиялык календар каралып, талкууланды/

Токтом долбоору

2024-2025 окуу жылы үчүн кышкы кабыл алуунун академиялык календары (окуу процессинин графиги) бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

Чечим:

1. а) Кышкы сессиянын жыйынтыгы боюнча берилген маалымат эске алынсын. Абсолюттук жана сапаттык жетишүүнүн көрсөткүчтөрүнүн негизинде аны жогорулатуунун үстүнөн иш план түзүлсүн жана ал планга жараша иш алып барылсын.

   б) Көзөмөлдөө жагы окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садыровага жүктөлсүн.
2. Педагогикалык окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу максатында педагогикалык курстан өткөрүү колго алынсын. Көзөмөлдөө жагы окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садыровага жүктөлсүн.
3. Ар турдуу маселелер.

3.1. а) “ЖАЭУда практикаларды уюштуруу” жана “ЖАЭУда студенттерди которуу, окуудан четтетүү жана тикеленүү тартиби” жоболорго өзгөртүүлөр киргизилсин жана бекитилсин.

б) “ЖАЭУнун ички документ жүргүзүү боюнча жобо” жана “ЖАЭУнун Ардактуу профессору” наамын ыйгаруу боюнча жобосу бекитилсин.

3.2. а) Медициналык факультетке 1 чен усулчу штаттык кызмат орду ачылсын.

б) ЖАМУнун штаттык жадыбалына өзгөртүүлөр киргизилсин жана бекитилсин;

в) Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Негиздөөчүлөр кеңешинин жана Камкордук кеңешинин кароосуна сунушталсын.

3.3. Аккредитациялык агенттиктин сунуштарына ылайык планда көрсөтүлгөн пункттар аткарылды деп табылсын.

3.4. 2024-2025 окуу жылынын кышкы кабыл алуусунун академиялык календары (окуу процессинин графиги) бекитилсин.

Көчүрмөсү анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.